№5 тиркеме
Кыргыз Республикасынын Билим берүү
жана илим министрлигинин
2021-жылдын «2» марта
№200/1- буйругу менен бекитилди

№5 тиркеме
Кыргыз Республикасынын Коомдук
телерадиоберүү корпорациясынын
2021-жылдын «15» января
№__ буйругу менен бекитилди

**Республикалык "Манас таануу" интеллектуалдык телетаймашынын эксперттерин тандап алуу сынагынын ЖОБОСУ**

**1. Жалпы маселелер**

"Манас" эпосу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде эпосту жайылтуу, өркүндөтүүнү натыйжалуу камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен биргеликте жалпы билим берүүчү орто мектептердин окуучуларынын жана кесиптик башталгыч, кесиптик орто окуу жайларынын студенттеринин, бала бакчалардын тарбиялануучуларынын арасында республикалык "Манас таануу" телетаймашын өткөрөт.

**Сынактык комиссия** – эксперттерди тандап алуу үчүн министрликтин буйругу менен түзүлгөн атайын жумушчу топ. Жумушчу топтун курамы 5 (беш) адамдан турат.

**Эксперт** – Республикалык "Манас таануу" интеллектуалдык телетаймаштын катышуучуларына берилүүчү суроолорду түзүп, таймаш жүргүзүлүп жаткан учурда калыстык кылган адам.

**2. Сынактын максаты:**

Телетаймаштын катышуучуларынын билимин баалоо, адилет жыйынтык чыгаруу жана сынактын натыйжалуулугун арттыруу максатында мыкты эксперттерди тандап алуу.

**3. Сынакка катышуучуларга коюлуучу талаптар:**

- Сагынбай Орозбаковдун академиялык 9 томдук академиялык "Манас" вариантын мыкты билүүсү;
- Манасты кара сөз түрүндө, ыр түрүндө мыкты билүүсү;
- Саякбай Каралаевдин 500 553 ыр сабынан турган академиялык "Манас, Семетей, Сейтек" үчилтигин мыкты билүүсү;
- Классикалык варианттар менен тааныштыгы болуусу;
- Жалпы "Манас" багытында уюштуруу тажрыйбасы 5 жылдан кем эмес болуусу;
- Жогорку билимдүү болуусу.

1. **Сынакты өткөрүү тартиби:**

- Сынак тууралуу жарыя жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин расмий сайтына жана “Кут билим” гезитине жарыяланат;
- Республикалык “Манас таануу” интеллектуалдык телетаймашынын жаңы сезонуна карата ар жыл сайын эксперттик сынак жарыяланат;
- Сынак жарыялоо министрликтин буйругунун негизинде жүргүзүлөт;
- Сынак үч баскычтан турат: документ тапшыруу, тест тапшыруу жана маектешүү;
- Сынакка катышууну каалагандар ушул Жобонун 3-пунктуна ылайык таржымалын толтуруп, сынак жарыяланган күндөн тартып бир жума аралыгында өздүк таржымалын жарыяда көрсөтүлгөн дарекке жөнөтөт;
- Эксперттерди тандап алуу сынагы жыл сайын жүргүзүлөт;
- Сынактын тестин манасчылар түзөт;
- Тесттин ар бир суроосунун жооптору 4 варианттан туруп, арасынан бирөө гана туура болуп саналат;
- Тест тапшыруу үчүн бардык катышуучуларга бирдей убакыт (40 мүнөт) берилет;
- Тест 40 суроодон туруп, анын 50 % на (20 суроого) же андан көп суроого туура жооп берген талапкер кийинки баскычка өтөт;
- Аңгемелешүүдө “Манас” үчилтиги боюнча суроолор берилет;
- Сынактык комиссия кийинки баскычка өткөн талапкерлер менен 3 күн аралыгында аңгемелешүү жүргүзөт. Аңгемелешүү жүргүзүүнүн жыйынтыгы менен алардын ичинен 5 эксперт тандалып алынат;
- Сынактык комиссия тандалып алынган эксперттерди бекитүү жөнүндө министрликке сунуштоо киргизет жана эксперттердин курамы министрликтин буйругу менен бекитилет.
- Министрликтин буйругу менен эксперттердин мүчөсүнүн бири курамдан чыгып кеткен учурда конкурста кийинки жогорку балл алган катышуучу курамга кошулат.